КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ПАНФИЛОВ РАЙОНУНДАГЫ КУРАМА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

Курама айылдык кеңештин депутаттарынын 10-чакырылышынын кезектүү 5 сессиясынын

№ 9 ТОКТОМУ

“13” февраль 2025-жыл Панфилов айылы

Курама айыл аймагынын 2025-жылга карата социалдык-экономикалык өнүгүү планын бекитүү жөнүндө

Курама айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары-жоопту катчысы Н.З.Атакеевдин айыл аймагынын 2025-жылга карата социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча планын бекитүү жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып:

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Курама айыл аймагынын 2025-жылга карата социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча планын тиркемеге ылайык бекитилсин.

2.Курама айыл өкмөтү 2025-жылдын 1-жарымында жана жылдын жыйынтыгы боюнча социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча бекитилген планга карата отчетун берүүсү милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жана аткаруу жагы Курама айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары-жоопту катчысы Н.З.Атакеевге милдеттендирилсин.

Төрага А.К. Джумагулов